УДК 37.371.3:894.341
DOI 10.58649/1694-9099-2025-4-91-96

**ТЫНЫСТАНОВА Н.А.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
**ТЫНЫСТАНОВА Н.А.**
КНУ имени Жусупа Баласагына
**TYNYSTANOVA N.A.**
KNU Jusup Balasagyn

# С. ЖУСУЕВДИН «АЛАКАН» ЫРЫ: 5-КЛАССТА ОКУТУУНУН ЗАМАНБАП ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ ЖАНА ИНТЕРАКТИВДҮҮ МЕТОДДОРУ

## СТИХОТВОРЕНИЕ С. ЖУСУЕВА «АЛАКАН»: СОВРЕМЕННЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИНТЕРАКТИВНЫЕ МЕТОДЫ ПРЕПОДАВАНИЯ В 5 КЛАССЕ

## S. JUSUEV’S POEM “ALAKAN”: MODERN TECHNOLOGIES AND INTERACTIVE METHODS OF TEACHING IN THE 5TH GRADE

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада белгилүү акын Сооронбай Жусуевдин «Алакан» ырынын мазмундук өзгөчөлүктөрү жана аны 5-класста окутууда колдонууга ылайыктуу заманбап технологиялар менен интерактивдүү методдор талданат. Макаланын негизги максаты – окуучулардын руханий-адептик баалуулуктарын калыптандыруу менен бирге, алардын чыгармачыл жана сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүчү эффективдүү окутуу ыкмаларын сунуштоо. Ырдын текстинде камтылган мээрим, жылуулук, ата-энеге болгон сүйүү сыяктуу темалар ар бир окуучунун ички дүйнөсүнө жагымдуу таасир эте тургандыгы белгиленет. Изилдөөдө кластер түзүү, INSERT, инсценировка, ролдук оюндар жана мультимедиалык каражаттарды пайдалануу өңдүү заманбап методдор практикалык мисалдар менен ачып берилет. Мындай ыкмалар сабакты кызыктуу, натыйжалуу жана окуучуга багытталган формада өткөрүүгө шарт түзөт. Макала мугалимдерге адабият сабагында заманбап окутуу технологияларын колдонуунун натыйжалуу жолдорун көрсөтөт.

**Аннотация:** В данной статье анализируются содержательные особенности поэмы «Алакан» известного поэта Сооронбая Жусуева, а также современные технологии и интерактивные методы, пригодные для ее использования в обучении в 5 классе. Основная цель статьи – предложить эффективные методы обучения, которые, формируя духовно-нравственные ценности учащихся, развивают их творческое и критическое мышление. Отмечено, что темы сострадания, тепла и любви к родителям, заложенные в тексте песни, оказывают положительное влияние на внутренний мир каждого ученика. В исследовании продемонстрированы современные методы, такие как кластеризация, INSERT, инсценировка, ролевые игры и использование мультимедийных инструментов с практическими примерами. Такие методы делают уроки интересными, эффективными и ориентированными на учащихся. В статье учителям показаны эффективные способы использования современных педагогических технологий на уроках литературы.

**Abstract:** This article analyzes the content features of the poem «Alakan” by the famous poet Sooronbai Zhusuev and modern technologies and interactive methods suitable for its use in teaching in grade V. The main goal of the article is to present effective teaching methods that, along with the formation of students’ spiritual and moral values, develop their creative and critical thinking. It is noted that themes such as compassion, warmth, and love for parents contained in the text of the poem have a positive effect on the inner world of each student. The study reveals modern methods such as cluster formation, INSERT, staging, role-playing games, and the use of multimedia tools with practical examples. Such methods allow for an interesting, effective, and student-centered lesson. The article shows teachers effective ways to use modern teaching technologies in literature lessons.

**Негизги сөздөр:** Сооронбай Жусуев; «Алакан» ыры; 5 класс; адабият сабагы; заманбап технологиялар; интерактивдүү методдор; чыгармачыл ой жүгүртүү; тарбиялык мааниси.

**Ключевые слова:** Сооронбай Жусуев; песня «Алакан»; 5 класс; урок литературы; современные технологии; интерактивные методы; творческое мышление; воспитательная значимость.

**Keywords:** Sooronbai Zhusuev; the song «Alakan»; grade 5; literature lesson; modern technologies; interactive methods; creative thinking; educational significance.

Билим берүү процессинде адабият сабагы өзгөчө тарбиялык жана таалимдик мааниге ээ. [1, 4] Айрыкча орто мектептин башталгыч жана орто баскычтарында көркөм тексттерди окутуу аркылуу окуучулардын адамгерчилик сапаттарын, эстетикалык табитин жана ой жүгүртүү жөндөмүн калыптандыруу мүмкүнчүлүгү жогору. Кыргыз адабиятындагы тарыхый, патриоттук жана гуманисттик темадагы чыгармалардын бири катары Сооронбай Жусуевдин «Алакан» аттуу ыры V класстын адабият сабагында чоң потенциалга ээ материал болуп саналат.

Заманбап билим берүү шартында мугалимдерден жаңы методдорду, инновациялык технологияларды колдонуу талап кылынууда. [10] Кыргыз Республикасынын 2021-жылы кабыл алынган «Билим берүү жөнүндө» мыйзамында билим берүү процесстерине жаңыча мамиле, санариптик ресурстарды кеңири колдонуу, интерактивдүү методдорду киргизүү зарылчылыгы белгиленген. [3] Бул чакырыктар адабият сабагына да тиешелүү болуп, ар бир көркөм текстти балдардын жаш өзгөчөлүгүнө, кызыгуусуна ылайык жеткиликтүү формада берүү муктаждыгын жаратат.

Сооронбай Жусуев – кыргыз поэзиясында өзүнүн терең философиясы, гуманисттик жана патриоттук сезимдерге бай поэтикалык мурасы менен айырмаланган акын. Анын чыгармачылыгында эне-бала, адам тагдыры, жоготуу, мекенге болгон сүйүү сыяктуу темалар кеңири камтылган. [2] Айрыкча «Алакан» ыры аркылуу акын согуштун азабын, адам тагдырын жана наристенин алаканындай гана үмүттү терең символикалык образ аркылуу чагылдырат. Бул чыгарма окурмандарды кайдыгер калтырбай, терең сезимге жетелейт.

«Алакан» ырынын тарбиялык мааниси зор. Анда ата-энелик сүйүү, жоготуу кайгысы, согуштун адамдык тагдырларга тийгизген залалы, балалык образ аркылуу берилген. Мындай таасирдүү көркөм текстти окутууда заманбап технологияларды колдонуу окуучунун аң-сезимине, сезимдик кабыл алуусуна жана сынчыл ой жүгүртүүсүнө чоң түрткү берет.

Бул макаланын негизги максаты – С. Жусуевдин «Алакан» ырын 5 класстын адабият сабагында заманбап технологиялардын жана интерактивдүү методдордун негизинде окутуунун жолдорун изилдөө.

Заманбап билим берүү процессинде адабият сабагын окутууда окуучунун аң-сезимин, дүйнө таанымын кеңейткен, чыгармачылык менен ойлонууга шыктандыра турган технологияларды колдонуу өзгөчө мааниге ээ. [9] Сооронбай Жусуевдин «Алакан» сыяктуу терең мааниге ээ чыгармаларын окутууда салттуу түшүндүрмө ыкмаларынан сырткары, инновациялык жана интерактивдүү методдорду колдонуу талапка ылайык келет.

Сын ой жүгүртүүгө үйрөтүү технологиясы адабият сабагында окуучуларды өз алдынча анализдөөгө, аргументтерди келтирүүгө, текстке сын көз караш менен кароого жана пикир айтууга үйрөтөт. Бул технологияны колдонууда «Алакан» ырынын мазмуну боюнча окуучуларга төмөнкүдөй тапшырмалар берилет:

- ырдын негизги темасын жана идеялык мазмунун аныктоо;
- каармандардын жүрүм-турумун баалоо;
- согуш темасына болгон баланын көз карашын түшүндүрүү;
- «Алакан» символунун маанисин чечмелөө.

Мисалы, мугалим окуучуларга ««Алакан» ыры эмнени билдирет? Бул образ аркылуу акын эмнени жеткиргиси келген?» деген суроону берип, окуучулардын ой жүгүртүүсүнө түрткү берет. Бул ыкма окуучунун жандуу пикир алышуусуна жана сабакка активдүү катышуусуна шарт түзөт.

Кейс-метод – бул реалдуу же шарттуу абал боюнча маселени талдоо аркылуу сабак өтүүнүн бир формасы. «Алакан» ыры боюнча кейс түзүүдө согуш мезгилиндеги баланын жана анын атасынын тагдыры берилет. Мисалы: «Эгер сиз согуш мезгилинде жашап, жоголгон балаңызды кагаздагы алакан аркылуу гана эстесеңиз, кандай сезимде болмоксуз?» деген кейс-кырдаалды сунуштоо менен окуучулар эмпатияны, боорукерликти өнүктүрөт.

Кластер түзүү – тексттин мазмунун графикалык негизде структуралаштыруу. Бул ыкма «Алакан» ырынын негизги темаларын: согуш, ата-бала мамилеси, жоготуу, үмүт,

символизм ж.б. бөлүп көрсөтүүгө жардам берет. Ар бир окуучу же жамаат менен кластер түзүү аркылуу мазмунду өз алдынча талдоого үйрөнөт.

INSERT стратегиясы (Interactive Noting System for Effective Reading and Thinking) – бул текстти окуу учурунда белгилерди колдонуу аркылуу түшүнүүнү тереңдетүүчү ыкма. Мисалы, «✓» – билем, «+» – жаңы маалымат, «–» – карама-каршылык, «?» – түшүнүксүз суроо. Бул ыкманы «Алакан» ырын окуп жатканда колдонсо, окуучунун аң-сезими жана түшүнүүсү тереңдейт.

Заманбап адабият сабагында аудио жана видео ресурстарды колдонуу окуучунун эмоционалдык кабылдоосун күчөтөт. «Алакан» ырын профессионал акын же мугалимдин үнү менен окуп берүүсү, же видеоролик аркылуу көрсөтүү – окуучунун көңүлүн бурат, текстти жүрөктөн өткөрүүгө жардам берет. Бул усулдар окуучулардын сезимине тийгизген таасирин күчөтүп, сабакты жандуу кылат. [ 7]

Мисалы, баланын алаканын кагазга түшүргөн атанын образы боюнча кыскача инсценировка же видеотасма даярдалса, окуучулар көркөм сөздүн кубатын терең сезе алышат. Айрым мектептерде колдо болгон интерактивдүү доска же планшет аркылуу «виртуалдык кластер» түзүү, интерактивдүү тесттерди колдонуу менен окуу процесси жандандырат.

«Алакан» ырын окутууда жеке жана жамааттык иш-аракеттерди айкалыштыруу маанилүү. Мисалы, жеке иш катары окуучулардан ыр боюнча эссе жаздыруу же алакан образын өзүнүн турмушу менен байланыштырган көркөм баяндоо жаздыруу сунушталат. Жамааттык иш катары сахналаштыруу, кластердик талдоо, таймаштар уюштурулса, окуучунун өз ара мамилеси, жамаатта иштөө көндүмдөрү өнүгөт.

Ушундайча заманбап технологияларды максаттуу колдонуу аркылуу V класстын окуучуларына терең мааниге ээ көркөм текстти жеткиликтүү формада сунуштоого болот. Бул ыкмалар окуучунун кызыгуусун арттырып, адабиятка болгон сүйүүсүн күчөтөт.

Интерактивдүү методдор бүгүнкү күндө окуу процессин окуучунун активдүүлүгүнө жана өз алдынча ой жүгүртүүсүнө негизделген багытка буруп келет. [6] Сооронбай Жусуевдин «Алакан» ыры – 5 класстын окуучуларына көркөм текстти терең түшүндүрүү жана баалуулук катары кабыл алдыруу үчүн мыкты мүмкүнчүлүк жараткан чыгармалардын бири. Бул ырда согуш темасы, ата-бала сезими, жоготуу жана үмүт, адамдык нарк-тазалык сыяктуу жогорку руханий-адептик ойлор чагылдырылган. Ушул маанилүү ойлорду окуучулар терең түшүнүшү үчүн сабакта интерактивдүү ыкмаларды максаттуу жана туура пайдалануу зарыл. Мисалы:

1. *«Ачык микрофон» жана «Ой толгоо» ыкмалары*

Сабактын башында мугалим «Согуш дегенде эмнени элестетесиң?», «Ата менен бала мамилеси кандай болушу керек?» деген суроолор менен «Ачык микрофон» ыкмасын колдонсо, окуучулар өз ойлорун ачык айтып, темага эмоционалдык жактан даяр болушат. Бул ыкма окуучунун ички дүйнөсүн, алдын ала түшүнүгүн чыгарууга өбөлгө түзөт. Андан кийин «Ой толгоо» ыкмасы аркылуу «Алакан» ырын угуп же окуп бүткөн соң, «Бул ыр сени эмнеси менен толкундантты?» деген суроого жазма түрдө жооп беришет. Бул окуучунун индивидуалдуу кабылдоосун түшүнүүгө шарт түзөт.

*2.«Роль ойноо» жана инсценировка ыкмалары*

Интерактивдүү методдордун ичинде роль ойноо – окуучунун эмоционалдык кабыл алуусун, боорукерлигин, чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүчү эң натыйжалуу ыкмалардан. Мугалим окуучуларды чакан топторго бөлүп, «Алакан» ырынын мазмунундагы негизги эпизоддорду сахналаштырууну сунуштайт. Мисалы:

- Самактын баласынын алаканын кагазга басып алып, фронтко алып кетүүсү;
- аскерлер арасында ошол алакандуу кагаздын мааниси;
- баланын туткунда болушу жана Самактын аны таанып жетип баруусу;
- минанын жарылышы жана акыркы саптардагы трагедиялуу аяктоо.

Бул иш-аракеттер аркылуу окуучулар каармандардын ордуна өздөрүн коюп көрө алышат жана текстти жан дүйнөсү менен кабыл алышат. Мындай ыкма – эстетикалык тарбиянын да эффективдүү формасы.

1. *«Венн диаграммасы» жана «Бир мүнөттүү эссе»*

Окуучулардын текстти терең өздөштүрүүсү үчүн салыштыруу элементтери да абдан натыйжалуу. Мугалим «Алакан» ыры менен башка согуш темасындагы чыгарманы салыштырып көрүүнү сунуштайт. Бул учурда

«Венн диаграммасы» колдонулат. Окуучулар эки чыгарманын окшош жана айырмачылыктарын атайын тегеректердин жардамы менен салыштырып көрсөтүшөт. Бул аналитикалык ой жүгүртүүнү жана маанилүү өзгөчөлүктөрдү бөлүп көрсөтүүнү үйрөтөт.

«Бир мүнөттүү эссе» – сабактын аягында колдонулуучу ыкма. Анын негизинде окуучу бир мүнөт ичинде «Бул ырдан эмнени билдим? Эмнени сездим? Эмнеге таасирлендим?» деген темада кыскача, бирок мазмундуу ой жаза алат. Бул окуучунун өз ойлорун жыйынтыктоого жана маанилүүсүн бөлүп айтууга үйрөтөт.

*2. Кесиптештер менен пикир алмашуу: «Суроо – жооп», «Галерея жүрүшү»*

Интерактивдүү усулдардын ичинде дагы бири – «Суроо – жооп» ыкмасы. Бул ыкмада ар бир окуучу чыгарма боюнча бир суроо жазып, аны кагазга жабыштырып коет. Калган окуучулар ошол суроолорду тандоосу боюнча жооп беришет. Натыйжада сабакта пикир алмашуу күчөйт, чыгарманын мааниси ар тараптан түшүндүрүлөт.

«Галерея жүрүшү» ыкмасы да пайдалуу. Ар бир топ «Алакан» ыры боюнча өзүнүн ишин – кластерди, эссени же сахналаштыруунун сүрөтүн даярдап, класстын дубалына илип коёт. Калган окуучулар «экспонаттарды» кыдырып көрүп, стикер менен ой-пикирин калтырат. Бул эстетикалык таасир менен бирге, сынчыл ой жүгүртүүнү жана баалоо көндүмүн өнүктүрөт.

Интерактивдүү методдорду пайдалануу менен «Алакан» сыяктуу философиялык-маанилик чыгарманы 5 класстын окуучуларына жеткиликтүү жана жүрөккө жакын кылып түшүндүрүүгө мүмкүнчүлүк жаралат. Окуучулар көркөм текстти окуп гана тим болбостон, аны менен жашап, андагы баалуулуктарды аңдап, терең сезе билишет. Бул – билимдин таасирдүү формасы жана чыныгы тарбиялоочу күч.

Сооронбай Жусуевдин “Алакан” чыгармасы 5 класстын окуучуларына руханий-адептик тарбия берүү менен катар, текстти аң-сезимдүү түшүнүүгө, боорукердик, кайраттуулук жана адамдык баалуулуктарды сезүүгө үйрөтөт. Сабак фрагменти төмөнкүдөй түзүлүшү мүмкүн:

**Сабактын темасы:** С. Жусуевдин «Алакан» ырынын мазмуну жана тарбиялык мааниси.

**Сабактын максаты:**

1. окуучулар ырдын идеялык-мазмунун түшүнөт;
2. согуш жана тынчтык темасына баа бере алышат;
3. каармандардын образын талдап, өз көз карашын билдирет;
4. интерактивдүү ыкмалар аркылуу ой жүгүртүүгө жана чыгармачылыкка үйрөнүшөт.

**Сабактын түрү:** аналитикалык-интегративдүү сабак (адабият + тарбия + ИКТ).

**Сабактын жабдыктары:** ырдын тексти, сүрөттөр, видеоматериал (согуш темасында), кластер барактары, мультимедиалык проектор.

Сабактын жүрүшү (фрагмент)

**1.Уюштуруу бөлүгү (2–3 мүнөт):**

Мугалим окуучулар менен учурашып, сабактын темасын тактап, суроо узатат:

– «Силердин атаңар же чоң атаңар согуш тууралуу айтып берген беле?»

– «Согуш деген сөздү укканда кайсы сезимдер жаралат?»

Бул этапта «Ачык микрофон» ыкмасы колдонулат – окуучулар эркин ой бөлүшүшөт.

**II. Ырды кабыл алуу (5-7 мүнөт):**

Окуучулар «Алакан» ыры менен таанышат. Ырды мугалим же окуучулардын бири көркөм окуйт. Андан соң кыска видеоролик (1-2 мүнөттүк, согуш темасындагы архивдик кадрлар) көрсөтүлөт. Бул этапта визуалдык жана угуу каналдары аркылуу поэтикалык образга эмоционалдык байланыш түзүлөт.

**III. Ыр боюнча иштөө (15–20 мүнөт):**

1. **«Кластер түзүү» (жамааттык иш):** «Алакан» деген сөздөн кандай маанилер, ойлор пайда болот? Окуучулар тактага же ватманга ойлорун жазышат:
   - жылуулук
   - апамдын алаканы
   - тынчтык
   - өмүр
   - жоготуу
2. **«Салыштырма талдоо» (топтук иш):** Окуучулар ырдагы каармандардын сезимин чыгарып, Самактын образын талдайт:

– Чыгарманын башкы каарманы Самакка кандай мүнөздөмө бересиңер?

– Анын балага болгон мамилеси эмнеден көрүнөт?

Бул суроолор «Венн диаграммасы» аркылуу Самак менен баяндоочунун

айырмачылыктарын жана окшоштуктарын салыштыруу жолу менен изилденет.

3. **«Роль ойноо» (шакаштуу инсценировка):** Окуучулар ырга ылайык эпизоддорду жуптар менен даярдап, сахналаштырышат. Мисалы:
   - Самак баласынын алаканын кагазга түшүрүп жаткан учур;
   - туткундагы баланы таануу жана анын колунун элесин көрүү;
   - мина жарылгандагы трагедиялуу учур.

Бул бөлүктө окуучулар текстти жүрөгү менен кабылдап, чыгармага эмоционалдык боёк беришет.

**IV. Жыйынтык жана рефлексия (5 мүнөт):**

Мугалим окуучулардан «Бүгүнкү ырдан эмне алдың?» деген суроо менен «Бир мүнөттүк эссе» жазууну сунуштайт. Андан соң каалагандар ой бөлүшөт. Мугалим сабакты төмөнкү цитата менен жыйынтыктайт:

*«Бир кагазда беш манжа — бүт дүйнөнүн балалык үмүтү жатат.»*

Сооронбай Жусуевдин «Алакан» чыгармасы 5 класстын окуучуларына руханий-адептик тарбия берүү менен катар, текстти аң-сезимдүү түшүнүүгө, боорукердик, кайраттуулук жана адамдык баалуулуктарды сезүүгө үйрөтөт. А. Муратовдун эмгегинде айтылгандай, көркөм адабий чыгарманы талдоо менен жаш муундарды тарбиялоодогу өбөлгөлөрдүн бири болмокчу. [5]

Көрсөтүлгөн методикаларды сабакта колдонсо жыйынтыгында төмөнкүдөй педагогикалык натыйжалар күтүлөт:

- окуучулардын көркөм текстти кабыл алуу жана мазмундук талдоо жөндөмү өнүгөт;
- согуш, тынчтык, жоготуу, үмүт сыяктуу универсалдуу баалуулуктар тууралуу түшүнүгү кеңейтилет;
- интерактивдүү иш-аракеттер аркылуу жамааттык, жекече ой жүгүртүүлөр байытылат;
- поэзияга болгон кызыгуу жана улуттук адабиятка сый мамиле калыптанат.

Жыйынтыктап айтканда, «Алакан» ыры аркылуу окуучулар жөн гана көркөм чыгарманы окуп-талдабастан, адамдык асыл сапаттарга жакындайт, өткөн тарыхтан сабак алып, келечекке тынчтык менен умтулууну үйрөнөт. Көркөм адабият адамзатты өнүктүрүүнүн каражаты катары көбүрөөк колдонулушу керек, инсандын адеп-ахлагы: жакшылык жана адилеттүүлүк, сезимталдык, толеранттуулук түшүнүгүн камтыган нерселердин бардыгы. Бул көркөм чыгармаларды кылдаттык менен тандоонун негизинде гана мүмкүн болот, аларды толук кандуу кабыл алуу мүмкүнчүлүгү чоң, сабаттуу көркөм чыгарманын уюшкан анализи жана кылдат изилденген методикалык материал болуп эсептелет. [8] Мугалим бул процессте жөн гана маалымат берүүчү эмес, жүрөктөн жүрөккө көпүрө кура турган жол көрсөтүүчү болушу зарыл.

**Колдонулган адабияттар**

1. Абрамович Г.Л. Введение в литературоведение. –Москва: «Просвещение», 1975, 191-б.
2. Жумакадырова К.М. Сооронбай Жусуевдин поэзиясынын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгү // Вестник Кыргызского государственного университета строительства, транспорта и архитектуры им. Н. Исанова, 2022, № 3(77), р. 1300-1304. – DOI 10.35803/1694-5298.2022.3.1300-1304. – EDN JDIJYY.
3. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы / https://cbd.minjust.gov.kg/112665/edition/1273902/kg
4. Методика преподавания литературы / З.Я. Рездин редакциялоосунда. – Москва, 1977.
5. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы. – Бишкек: «Турар», 2013, 485-б.
6. Привалова Г.Ф. Активные и интерактивные методы обучения как фактор совершенствования учебно-познавательного процесса в вузе // Современные проблемы науки и образования, 2014, №3.
7. Тажибаева У.К. С. Жусуевдин «Алакан» чыгармасын окутуунун методикасы // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, 2018, № 2, с. 236-238. – EDN XSHMDZ.
8. Адылбек кызы Г., Назарбекова Б.Ж., Султан кызы Б. Кыргыз адабияты сабагында өспүрүм курактагы окуучуларды сабырдуулукка тарбиялоо // Ж. Баласагын атындагы КМУУнун Жарчысы, 2023, № 2(114), 139-145-бб.
9. Исмаилова А.А., Дуйшенбиева Д.А. Кыргыз адабиятын окутуудагы көйгөйлөр жана жаштарды тарбиялоодогу мааниси // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы, 2024, № 3(119), р. 168-172. – DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-168-172. – EDN ORYOVF.
10. Сулайманова Р.Т., Алымкулова Н.А. Заманбап мугалимди окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүгө даярдоо // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы, 2024, № 3(119, р. 38-45. – DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-38-45. – EDN HGIOJQ.

**Рецензент: проф. Кенжешев К.Д.**